- ✓ Агартуу доору. Педагогикалык теориялардын өнүгүшү: Ж.Ж. Руссо, Ж. Локк, И.Песталоцци.

### V. XIX кылымдагы Орусия. К.Д.Ушинский, Л.Н.Толстойдун педагогикалык ойлору

- ✓ Орус педагогикасынын өкүлдөрү. К.Д. Ушинскийдин педагогикалык ойлору. «Адам тарбиялоонун предмети катары» педагогикалык чыгармасынын мааниси жана ролу.
- ✓ Л.Н. Толстойдун педагогикалык ойлору. Л.Н. Толстойдун педагогикалык мааниге ээ чыгармалары. Л.Н. Толстойдун педагогикалык ишмердүүлүгү. «Ясная Поляна» мектебинин ачылышы, максаты, гуманисттик принциптери.

### VI. XIX кылымдагы Европа. Чет элдик педагогика: А. Дистерверг, Д. Дьюи, С. Френе, А.Нилл, М. Монтессори, Р. Штайнердин педагогикалык ойлору

- ✓ Чет өлкөлүк педагогиканын өкүлдөрү. Чет өлкөлүк педагогикасындагы конструктивдик багыт. Билим берүү системасындагы реформалар.
- ✓ Д. Дьюинин дидактикалык системасы.
- ✓ А. Дистервергдин педагогикалык чыгармаларындагы табият, маданият менен шайкештик дидактикалык принциптердин орду.
- ✓ С. Френе, А. Нилллдин педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү гуманисттик ойлор. Чет элдик педагогикадагы инновациялык жана новатордук ойлор.

- ✓ М. Монтессори, Р. Штайнердин педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү гуманисттик ойлор. Чет элдик педагогикадагы инновациялык жана новатордук ойлор.

## VII. Советтик педагогиканын жана билим берүүнүн өнүгүшү (1917 – 1992-жж.)

- ✓ 1917 – 1992-жылдардагы советтик педагогиканын өнүгүү баскычтары жана тенденциялары.
- ✓ А.С. Макаренконун педагогикасы. Көчөдөгү балдар, балдардын асоциалдык топтору, «коллективдүү тарбиялоо жана окутуу» принциби, педагогикалык ишмердүүлүктөгү тобокелдер, мугалимдин авторитети, «Педагогикалык поэма».
- ✓ Н.К. Крупскаянын педагогикасы. Социалдык өнөктөштүк, окуучулук өзүн-өзү башкаруу.
- ✓ В.А. Сухомлинскийдин педагогикасы. Мугалимдик гуманизм, мугалимдин нравалык жүрүм-туруму, өспүрүмдүк курактын карама-каршылыктары, эстетикалык тарбиялоо.
- ✓ Новатор педагогдор (Ш.А. Амонашвили, С.Н. Лысенко, И.П. Волков, В.Ф. Шаталов, Е.Н. Ильин жана башкалар).
- ✓ Кызматташтык педагогикасы гуманизм принциптерине жана инсанды өнүктүрүүгө чыгармачылык мамиле жасоого негизделген тарбиялоонун жана окутуунун методдору менен ыкмаларынын системасы катары.

# БӨЛҮМ БОЮНЧА СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Аристотель. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1984.
2. Асанова У.А. Философия образования. – Бишкек, 2004.
3. Асипова Н.А. Билим философиясы жана тарыхы. – Бишкек, 2010.
4. Беляев В.И. Педагогика А.С.Макаренко: традиции и новаторство. – М., 2000.
5. Гессен С.И. Основы педагогики. Введение в прикладную философию М., 1995.
6. Гершунский Б.С. Философия образования. – М., 1998.
7. Гусинский Э. Турчанинов Ю. Философия образования. – М., 2001.
8. Джуринский А.Н. История педагогики. – М., 2000.
9. Д.Дьюи. Демократия и образование. – М., 2004.
10. Д.Дьюи. Опыт и образование. – М., 2004.
11. Жураковский Г.Е. Очерки по истории античной педагогики. – М., 1978.
12. История педагогики / под ред. А.И.Пискунова. – М., 2001.
13. История педагогики и образования: от зарождения воспитания в первобытном обществе до конца XX в.: Учебное пособие для педагогических учебных заведении / под. ред. А.И. Пискунова. – М., 2001.
14. История образования и педагогической мысли за рубежом и в России / Под ред. З.И. Васильевой. Уч. пос. – М., 2002.
15. Коменский Я. А.Избранные педагогические сочинения: В 2т. – М., 1982.
16. Корнетов Г.Б. Воспитание в первобытном обществе: возникновение, сущность, эволюция. – М., 1993.
17. Корчак Я. Педагогическое наследие. – М., 1990.
18. Крупская Н.К. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1990.
19. Локк Д. Сочинения: В 3 т.М., 1988.
20. Рахимова М. Р.Панкова Т.В. Калдыбаева А.Т. Очерки по истории педагогики. Бишкек, 2000.
21. Руссо Ж.Ж. Собрание сочинений. – М., 1987.
22. Мазалова М.А. Уракова Т.В.История педагогики образования. – М., 2006.
23. Макаренко А.С. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1990.
24. Монтень М. Опыты. В 2 книгах. – М., 2006.
25. Монтессори М. Ребенок великая загадка. – М., 2002.
26. Нилл А. Саммерхилл – воспитание свободой. – М., 2000.
27. От таблички до университетов. – М., 2003.
28. Песталоцци И.Г. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1990.
29. Сухомлинский В.А. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1990.
30. Соловейчик С. Учение с увлечением. – М., 1976.
31. Толстой Л.Н. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1990.
32. Ушинский К.Д. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1990.
33. Френе С. Педагогическое наследие. – М., 1990.
34. Шаталов В. Ф. Преодоление страха. – М., 1989.
35. Штайнер Р. Педагогическое наследие. – М., 1990.

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОРДУН ТАРЫХЫ (УЛАНДЫСЫ)

*(2 кредит: 2 курс, 4 семестр)*[6]

| № | Лекция | Саат | Практика | Саат |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Киришүү. «Этнопедагогика» бөлүмүнүн максаты, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары | 2 саат | «Манас» эпосунда тарбиялоо жана окутуу маселелери | 2 саат |
| 2. | Кыргыз этнопедагогикасынын пайда болушу жана калыптанышы | 2 саат | Элдик фольклордогу педагогика-лык ойлор | 2 саат |
| 3. | Түрк элдеринин орток мурастарындагы педагогикалык идеялар (Коркут, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкарлык-Барсканий) | 2 саат | Кыргыз элинин каада-салттарынын тарбиялык мааниси | 2 саат |
| 4. | «Манас» эпосунда тарбиялоо жана окутуу маселелери | 2 саат | Жазгыч акындардын педагогикалык көз караштары (Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Молдо Багыш). | 2 саат |
| 5. | Жазгыч акындардын педагогикалык көз караштары (Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Молдо Багыш) | 2 саат | Кыргыз акындарынын чыгармачылыгында гуманисттик ойлордун мааниси (Жеңижок, К.Акиев, Т. Сатылганов, Б.Алыкулов) | 2 саат |
| 6. | Кыргыз акындарынын чыгармачылыгында гуманисттик ойлордун мааниси (Жеңижок, К.Акиев, Т. Сатылганов, Б.Алыкулов) | 2 саат | Э. Арабаевдин жана К.Тыныстановдун агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурасы | 2 саат |
| 7. | Э. Арабаевдин жана К.Тыныстановдун агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурасы | 2 саат | Чыңгыз Айтматовдун педагогикалык идеялары | 2 саат |
| 8. | Чыңгыз Айтматовдун педагогикалык идеялары | 2 саат | | |
| | **Бардыгы:** | **16 саат** | | **14 саат** |

6 «Билим берүүнүн жана педагогикалык ойлордун тарыхы» бөлүмү боюнча студенттердин өз алдынча иштерине материалдар жана тапшырмалар бул курстун окуу-методикалык комплексинде (ОУК) берилген.

# БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

### 1. «Этнопедагогика» бөлүмүнүн максаты, милдеттери, күтүлүүчү натыйжалары (2 саат).

Киришүү. Бөлүмдүн максаты, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары. Этнопедагогика тууралуу түшүнүк.

Г.Н. Волковдун этнопедагогика тууралуу ойлорунун этнопедагогика илиминин пайда болуусу үчүн мааниси.

**Негизги түшүнүктөр:** этнос, педагогика, этнопедагогика, улуттук педагогика, улуттук аң-сезим, иденттүүлүк, менталитет.

### 2. Кыргыз этнопедагогикасынын пайда болушу жана калыптанышы ( 2 саат).

Этнопедагогиканын илим катары пайда болушу. Тарыхый, географиялык, этнографиялык булактардын мааниси. Этнограф С.М. Абрамзондун эмгектери. 1924-жылы Ташкент шаарынан чыккан Эшеналы Арабай уулунун «Кыргыз алиппеси» окуу китебиндеги этнопедагогикалык ойлор.

«Элдик этнограф» Амантур Акматалиев, адабиятчы жана публицист Советбек Байгазиев, этнопедагог Сабыр Иптаровдун эмгектеринин кыргыз этнопедагогика илимине жана анын теориялык-практикалык багыттарын өркүндөтүүдөгү салымы.

Кыргыз этнопедагогикасынын өнүгүүсү (20-кылымдын башталышынан биздин күнгө чейин). Кыргыз этнопедагогикасын изилдөөсү: өзгөчөлүктөрү, изилдөөчүлөр (Измайлов А.Э., Рахимова М.Р., Койчуманов Д.И., Имаева Н.И., Алимбеков А.А., Байгазиев С.О., Иптаров С.И., Калдыбаева А.Т., Панкова Т.В. , Муратов А.Ж. ж.б.).

XXI кылымдын башында кыргыз этнопедагогикасынын эң орчундуу проблемалары.

**Негизги түшүнүктөр:** тарыхый булактар, география, этнография, публицистика, теориялык-практикалык багыттар, этнопедагогика, этнопедагогика илими, башка илимдер менен байланышы, өнүгүү тенденциялары, этнопедагогиканын предмети жана объектиси.

### 3. Түрк элдеринин орток мурастарындагы педагогикалык идеялар (Коркут, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкарлык-Барсканий) (2 саат).

Коркут-Ата китеби. «Коркут-Ата китеби» («Китеби деде Коркуд») – түрк элдеринин орто кылымдагы огуздардын адабий эстелиги. «Коркут-Ата китеби» («Китеби деде Коркуд») этнопедагогикалык көз караш.

Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» китеби. «Куттуу билим» китебиндеги этикалык эрежелер: 1)Баланы ата-энесинин кашында, алардын мээрими менен тарбиялоо керек; 2) Ар бир ой диалогдо, баарлашууларда жаңыланып, бышыкталат.

Махмуд Кашкарлык-Барсканий «Дивани лугат-ат-түрк» («Түрк сөздөрүнүн жыйнагы»). Элдик этикалык эрежелер, элдин педагогикалык маданияты, элдин тажрыйбасы.

**Негизги түшүнүктөр:** адабий эстеликтер, этикалык эрежелер, педагогикалык маданият, элдик тажрыйба.

### 4. «Манас» эпосундагы окутуу жана тарбиялоо маселелери (2 саат).

«Манас» эпосунун изилдениши, изилдөөчүлөр (Ч.Валиханов, Д.Поливанов, А.Бернштам, М.Ауэзов, Э.Арабаев). Элдин негизги педагогикалык түшүнүктөрү: окутуу, тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоо, кайра тарбиялоо.

«Манас» эпосундагы педагогиканын ролу. «Манас» эпосундагы педагогикалык идеялардын өзгөчөлүктөрү («Манастын жети осуяты»).

**Негизги түшүнүктөр:** элдин негизги педагогикалык түшүнүктөрү: окутуу, тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоо, кайра тарбиялоо, педагогикалык идеялар.

5. **Жазгыч акындардын педагогикалык көз караштары (Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Молдо Багыш) (2 саат).**

Кыргыз элинин адабий жазуу маданиятынын жазгыч акындардын чыгармалары аркылуу өнүгүүсү (Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Молдо Багыш).

Жазгыч акындардын педагогикалык көз караштары жана агартуучулук ишмердүүлүктөрү (Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Молдо Багыш). Элдик педагогикалык маданиятты өркүндөтүү.

**Негизги түшүнүктөр:** жазуу маданияты, жазгыч акындардын чыгармачылыгы, педагогикалык маданият.

6. **Кыргыз акындарынын чыгармаларындагы гуманисттик идеялардын мааниси. (Жеңижок, К. Акиев, Т. Сатылганов, Б. Алыкулов) (2 саат).**

Т. Сатылганов, Б. Алыкуловдун элдик оозеки чыгармачылыгы. Жеңижок, К. Акиев, Т.Сатылганов, Б. Алыкуловдун педагогикалык гуманисттик көз караштарынын мааниси.

Жеңижок, К. Акиев, Т. Сатылганов, Б. Алыкуловдун чыгармаларындагы эстетикалык, эмгек, адеп, дене тарбиясы.

**Негизги түшүнүктөр:** фольклор, гуманисттик көз караштар, педагогикалык этика, эстетикалык, эмгек, адеп, дене тарбиясы, акын-демократ.

7. **Э. Арабаевдин жана К. Тыныстановдун агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурасы (2 саат).**

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы билим берүүнүн абалы. Окутуу системасы (медресе, мектептер).

Э. Арабаев, К. Тыныстанов – кыргыз билим берүү интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлдөрү. Э. Арабаев, К. Тыныстановдун агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурастары.

**Негизги түшүнүктөр:** билим берүү, илим, окутуу, биринчи интеллигенция, алиппе, кесиптик китептер, профессор, лингвистика, журналистика.

8. **Чыңгыз Айтматовдун педагогикалык идеялары (2 саат).**

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы педагогикалык идеялар. Чыңгыз Айтматовдун феномени.

Ч. Айтматовдун ар тараптуу өнүккөн инсан жөнүндө педагогикалык көз караштары. Чыңгыз Айтматовдун педагогикалык ойлору: инсандын денелик жана руханий маданиятынын айкалышы.

**Негизги түшүнүктөр:** феномен, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү, инсан, дене тарбиялык жана руханий маданият, Ч. Айтматовдун педагогикасы.

## СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРДИН ТЕМАТИКАСЫ

### I.«Манас» эпосундагы окутуу жана тарбиялоо маселелери

- ✓ «Манас» эпосунун изилдениши, изилдөөчүлөр (Ч. Валиханов, Д. Поливанов, А. Бернштам, М. Ауэзов, Э. Арабаев).
- ✓ Элдин негизги педагогикалык түшүнүктөрү: окутуу, тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоо, кайра тарбиялоо.

- ✓ «Манас» эпосундагы педагогиканын ролу. «Манас» эпосундагы педагогикалык идеялардын өзөчөлүктөрү («Манастын жети осуяты»).

**II. Орхон-Эне-Сай, Талас жазма эстеликтериндеги педагогикалык ойлор**

- ✓ Орхон-Эне-Сай (рун) жазуусу; байыркы уйгур жазуусу: араб жазуусу, латын алфавити жана кириллица (азыркы тамгалар).
- ✓ Орхон-Эне-Сай жазууларындагы Күлтегин Бабалар жазууларындагы башкы педагогикалык идеялар.
- ✓ Билге каган (683-734) жана Тонукөккө коюлган эстеликтер.
- ✓ Орхон-Эне-Сай, Талас эстеликтеринин педагогикалык идеялары С. Байгазиевдин, А. Алимбековдун эмгектеринде.

**III. Аты уламышка айланган ырчылардын чыгармаларындагы тарбиялык ойлору (Кетбука (Бука ырчы), Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Асан Кайгы)**

- ✓ Кетбука акындын чыгармачылыгы. Кайгыны угузуу салты. Акындыкты өлчөөнүн чени.
- ✓ «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген сөздүн педагогикалык мааниси. Токтогул ырчынын педагогикалык сабактары.
- ✓ Асан Кайгы – гуманист-акын. Асан Кайгынын ырларынын педагогикалык мааниси.

**IV. Түрк элдеринин орток мурастарындагы педагогикалык идеялар (Коркут, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкарлык-Барсканий)**

- ✓ Коркут-Ата китеби. «Коркут-Ата китеби» («Китеби деде Коркуд») – түрк элдеринин орто кылымдагы огуздардын адабий эстелиги. «Коркут-Ата китеби» («Китеби деде Коркуд») этнопедагогикалык көз караш.
- ✓ Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» китеби. «Куттуу билим» китебиндеги этикалык эрежелер: 1)Баланы ата-энесинин кашында, алардын мээрими менен тарбиялоо керек; 2) Ар бир ой диалогдо, баарлашууларда жаңыланып, бышыкталат.
- ✓ Махмуд Кашкарлык-Барсканий «Дивани лугат - ат - түрк» («Түрк сөздөрүнүн жыйнагы»). Элдик этикалык эрежелер, элдин педагогикалык маданияты, элдин тажрыйбасы.

**V. XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы Түркстандагы жана Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин жана окутуунун тарыхы**

- ✓ Түркстандагы билим берүү мекемелери: окутуу жана тарбиялоо системасы. Жаңы билим берүү мекемелеринин ачылышынын өбөлгөлөрү.
- ✓ «Усулу-жадид» мектептери жана орус-тузем мектептери.
- ✓ XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы Кыргыз жериндеги агартуунун жалпы абалы. Алгачкы агартуучулар.
- ✓ «Усулу-жадид» жана орус-тузем мектептери. Эшенаалы Арабаевдин агартуучулук ишмердүүлүгүнө тийгизген таасири.

**VI. Кыргыз ССРиндеги билим берүүнүн өнүгүшү (1917-жылдан тартып XX кылымдын экинчи жарымына чейин)**

- ✓ Кыргызстандагы эл агартуунун татаал жана маанилүү маселелери. Сабатсыздыкты жоюу жолдору. Э. Арабаев жана К. Карасаевдин «Жаңылык» алиппесинин орду.

- ✓ 20-жж. башталышында улуттук мугалимдик кадрларды даярдоо проблемалары.
- ✓ 30-жж. башталышында Кыргызстанда элге билим берүүнү өнүктүрүүнүн жаңы этаптары.

**VII. Советтик Кыргызстанда билим берүүнүн жана педагогиканын андан ары өнүгүшү (ХХ кылымдын 50-жж. эгемендүүлүк жылдарына чейин)**

- ✓ Билим берүүнүн, мектептердин жана педагогикалык ойлордун өнүгүүсүнүн жаңы этаптары. 50-жылдарындагы билим берүү системасы.
- ✓ Кыргыз педагогика илиминин калыптанышына салым кошкон окумуштууларынын (Б.К. Кулдашев, К. Карасаев, И.А. Батманов, А.Я. Арет, З. Бектенов, А.Э. Измайлов жана М.Р. Балтабаев.)эмгектери.
- ✓ ХХ кылымдын соңку чейрегинде жана XXI кылымдын башында мектепке чейинки тарбиялоо.

**VIII. Эгемендүүлүк жылдарындагы Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илимий педагогика (1992-2021-жылдар)**

- ✓ Эгемендүүлүктүн билим берүү жана педагогика илиминин өнүгүүсүнө тийгизген таасири. «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын кабыл алынышы.
- ✓ Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги принциптери.
- ✓ Өткөөл мезгилдин билим берүү тармагына тийгизген оң жана терс таасири.
- ✓ Орто жалпы билим берүүчү мектептер, ЖОЖдор үчүн мамлекетик стандарттардын иштелип чыгышы.
- ✓ Окуу планы, предметтик стандарттар, окуу программалары, окуу китептеринин же окуу-методикалык комплекстеринин (ОМК) жалпы орто билим берүү системасын реформалоодогу орду.
- ✓ Эл аралык жана башка мамлекеттер менен биргелешкен университеттердин ачылышы.
- ✓ Кыргыз Республикасында билим берүүдөгү модернизациялоо процесси.

# БӨЛҮМ БОЮНЧА СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абдырахманов Т.А., Байдилдеев Ж.Р., Кубатова А. Э. Эки доор инсаны. – Бишкек 2013.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек: Алтын тамыр, 1997. – 62 б.
3. Алимбеков А. Билим берүү салттары. – Бишкек.
4. Антология педагогической мысли Кирг. ССР / Под редакцией Акуловой И.И. – М.: Педагогика, 1988. – 360 с.
5. Анаркулов, Х.Ф. Кыргыз эл оюндары. – Фрунзе: Кыргызстан, 1991. – 192 с.
6. Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы: окуу куралы. – Бишкек, 1995. – 240 б.
7. Байгазиев, С. «Манас» эпосу: тарыхый эс тутумга, антиманкурттук рухка жана мекенчилдикке тарбиялоо. – Бишкек, 2012.
8. Байгазиев, С. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы. – Бишкек, 2012.
9. Байгазиев, С. «Манас» эпосунун биримдик, достук, ынтымак жөнүндөгү улуу идеялары – бүгүнкү жарандык тарбиянын тиреги. – Бишкек, 2012.
10. Байгазиев, С. «Манастын» ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты.– Бишкек, 2012.
11. Байходжоев С. Акыны-письменники / Краткий очерк – Фрунзе: АН Кирг ССР, 1959. – 75 с.
12. Волков Г.Н. Народная педагогика: Краткий словарь-справочник. – М., 1996. – 54 с.
13. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – М.: ACADEMA, 2000. – 176 с.
14. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1974. – 367 с.
15. .Жеңижок. Ырлар / Түзгөн А. Жусупбеков. – Фрунзе, 1982. – 264 б.
16. Закиров С. Кыргыз элинин макал-ылакаптары. – Фрунзе, 1979. – 284 б.
17. Закиров С. Эл чыгармалары – эл кенчи. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 126 б.
18. Залкар акындар: – 2 т.– Жеңижок / Түзгөндөр: Акматалиев А., Жусупбеков А., Мукасов М. – Бишкек: Шам, 1999. – 320 б.
19. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана. – М., 1991.
20. Имаева Н.И. Идеи воспитания в творческом наследии Токтогула. – Фрунзе: Мектеп, 1971. – 126 с.
21. Исаков К. Тамсил кудурети.– Бишкек: Айат, 2009.
22. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар. – Бишкек, 2005. – 344 б.
23. Калдыбаева А.Т. Калык Акиевдин чыгармаларынын тарбиялык мааниси. – Бишкек, 1994. – 164 б.
24. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын этнопедагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-методикалык негиздери: пед. илим. д-ру окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. автореф. – Бишкек, 2007. – 40 б.
25. Койчуманов Д.И. Идеи воспитания в творчестве Тоголока Молдо. – Фрунзе: Мектеп, 1964. – 186 с.
26. Кукушин В.С. Этнопедагогика: учебное пособие.– М.; Воронеж: МОДЭК, 2002.– 304 с.
27. Кыдыралиев К. Проблемы познания и воспитания в киргизских народных сказках. – Фрунзе, 1979. – 185 б.

**28.** Кыргыз макал-ылакаптары / Түз Ж.Төлөев – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.

**29.** Кыргыз эл жомоктору / Түз. Б. Кебекова, А. Тойгонбаева. – Фрунзе, 1975.

**30.** Кыргыз эл педагогикасы / Түз. С. Иптаров. – Бишкек, 1998.

**31.** Кыргыз эл тамсилдери / Түз. Ж. Мусаева. – Фрунзе, 1985. – 124 б.

**32.** Молдо Кылыч. Казалдар / Түз. О. Сооронов – Фрунзе, 1990.

**33.** Мукамбаев Ж., Таштемиров Ж. Кыргыз табышмактары, жаңылмачтары, калптары. – Фрунзе: Мектеп, 1971.

**34.** Муратов А. Чыңгыз Айтматов – жазуучу-этнопедагог. – Бишкек, 2006. – 202 б.

**35.** Осмонкулов А.О. Агартуучу И. Арабаев. – Бишкек, 2003.

**36.** Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Кыргыз элдик педагогикасы. – Бишкек, 1994.

**37.** Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. – Бишкек, 2014. – 312 б.

**38.** Эсенгулова М.М. Просветительская деятельность и педагогическое наследие Э.Арабаева. – Бишкек: Maxprint, 2010.

# ЖАЛПЫ ПЕДАГОГИКА

*(Педагогикалык эмес адистиктер үчүн)*

## ВАРИАТИВДИК БӨЛҮМ:

*(2 кредит: 1 курс, 1 семестр)* [7]

| № | Лекция | Саат | Практикалык сабактар | Саат |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Киришүү. «Жалпы педагогика» бөлүмүнүн максаттары, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары. Билим берүү коомдук феномен жана маданий баалуулук катары | 2 саат | Билим берүү коомдук феномен жана маданий баалуулук катары | 2 саат |
| 2. | Билим берүүдөгү гуманизация | 2 саат | Билим берүүдөгү гуманизация | 2 саат |
| 3. | Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы, түзүлүшү. Билим берүүнүн компетенттүүлүк парадигмасы | 2 саат | Дүйнөдөгү жогорку билим берүү системасындагы стратегиялык багыттар | 2 саат |
| 4. | Э.Арабаевдин агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурасы | 2 саат | Э.Арабаевдин агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурасы | 2 саат |
| 5. | Кесипти тандоодогу мотивдер | 2 саат | Кесипти тандоодогу мотивдер | 2 саат |
| 6. | Миссия. Университеттин миссиясы, стратегиялык пландаштыруу | 2 саат | Миссия. Университеттин миссиясы, стратегиялык пландаштыруу | 2 саат |
| 7. | Бүтүрүүчүнүн модели: билим, билгичтик, көндүмдөр, негизги компетенциялар, бүтүрүүчүлөрдүн артыкчылыктуу сапаттары | 2 саат | Бүтүрүүчүнүн модели: билим, билгичтик, көндүмдөр, негизги компетенциялар, бүтүрүүчүлөрдүн артыкчылыктуу сапаттары | 2 саат |
| 8. | Үзгүлтүксүз билим берүү. «Өмүр бою окуп-үйрөнүү» багыты | 2 саат | | |
| | **Бардыгы:** | **16 саат** | | **14 саат** |

7 «Жалпы педагогика» бөлүмү боюнча студенттердин өз алдынча иштерине материалдар жана тапшырмалар бул курстун окуу-методикалык комплексинде (ОУК) берилген.

# БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

## 1. Киришүү. «Жалпы педагогика» бөлүмүнүн максаты, милдеттери, күтүлүүчү натыйжалары (2 саат).

Киришүү. Бөлүмдүн максаты, милдеттери, күтүлүүчү натыйжалары.

Билим берүү коомдук феномен. Билим берүүнүн сапаты. Билим берүү педагогикалык процесс катары.

Билим берүүнүн мазмунун аныктаган негизги нормативдик документтер: мамлекеттик стандарт, окуу планы, окуу программалары, окуу китептери. Алардын мүнөздөмөсү жана түзүлүшү. Билим берүүнүн негизги нормативдик документтерин жаңылануу боюнча мамлекеттик реформалар.

**Негизги түшүнүктөр:** феномен, негизги нормативдик документтер: мамлекеттик стандарт, окуу пландары, окуу программалары, окуу китептери.

## 2. Билим берүүдөгү гуманизация (2 саат).

Инсанга багытталган окутуу жана тарбиялоо. Инсанга багытталган окутуунун өзгөчөлүгү жана негизги идеясы.

Окутууда үстөмдүктүн алмашышы. Инсанга багытталган окутууда сабак берүү стратегиясы. Интеграцияланган сабактардын өзгөчөлүктөрү. Мектепте инсанга багытталган ишмердүүлүктүн түрлөрү.

Инклюзивдик билим берүү: принциптер жана философия. Инклюзивдик маданият, инклюзивдик саясат, мугалимдердин инклюзивдик компетенттүүлүгү.

**Негизги түшүнүктөр:** инсанга багытталган окутуу, интеграция, дидактикалык система, инновация, новатордук педагогика, инклюзивдик билим берүү, принциптер, инклюзивдик билим берүүнүн философиясы, практикалык багыттуулук, инклюзивдик компетенттүүлүк.

## 3. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы жана түзүлүшү. Билим берүүнүн компетенттүүлүк парадигмасы (2 саат).

КР билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрү. Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасынын түзүлүшү. Билим берүү саясатындагы реформа. Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки орто, жогорку билим берүү системаларындагы өзгөрүүлөр.

Парадигмалар жөнүндө түшүнүк. Парадигмалардын түрлөрү. Билим берүүнүн билим парадигмасы. Билим берүүнүн компетенттүүлүк парадигмасы.

Дүйнөдөгү жогорку билим берүү системасындагы стратегиялык багыттар. Жогорку билим берүүнү трансформациялоо. 4.0 индустриясы жана эмгек рыногу.

**Негизги түшүнүктөр:** билим берүү системасы, билим берүүчүлүк саясат, мектепке чейинки, орто, атайын орто, жогорку, техникалык, политехникалык, профилдик, трансформация, рынок, парадигма, компетенттүүлүк.

## 4. Э.Арабаевдин агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурасы (2 саат).

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы билим берүүнүн абалы. Окутуу системасы (медресе, мектептер).

Кыргыз билим берүү интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлү: Э. Арабаев. Э. Арабаевдин агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурастары.

**Негизги түшүнүктөр:** билим берүү, илим, окутуу, биринчи интеллигенция, биринчи алиппе.

### 5. Педагогикалык кесипти тандоонун мотивдери (2 саат).

Кесипти тандоодогу мотив, ички жана тышкы мотив, мугалимдин кесиптик өнүгүүсүнүн деңгээлиндеги мотивдин ролу. Педагогикалык кесипти тандоо контекстинде А. Маслоунун муктаждыктар иерархиясын колдонуу.

Чет өлкөлөрдө (Англия, Франция, Германия) келечектеги кесипти тандоого даярдоо.

**Негизги түшүнүктөр:** мотив, мотивация, ички жана тышкы мотивдер, муктаждыктар иерархиясы.

### 6. Миссия, университеттин миссиясы, стратегиялык пландаштыруу (2 саат)

Башкаруунун жылдык циклы: уюмдун өзүнүн ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү, көйгөйлөрдү аныктоо, максаттарды жана милдеттерди туура коюу, пландаштыруу, түзөтүү.

Мектепти башкаруудагы өзүн-өзү аныктоо баскычынын орду. Миссия. Университеттин миссиясы. Стратегиялык пландаштыруу. Максаттар (оперативдик, тактикалык, стратегиялык). Стратегиялык команда жөнүндө түшүнүк. Лидерлик. SWOT-талдоо артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүү үчүн курал катары.

**Негизги түшүнүктөр:** миссия, оперативдик, тактикалык, стратегиялык максаттар, команда, лидер, лидерлик, SWOT-талдоо.

### 7. Бүтүрүүчүнүн модели: бүтүрүүчүлөрдүн билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү, негизги компетенциялары, артыкчылыктуу сапаттар (2 саат).

Мектепти башкаруудагы өзүн-өзү аныктоо баскычынын орду. Бүтүрүүчүнүн модели: бүтүрүүчүлөрдүн билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү, негизги компетенциялары, артыкчылыктуу сапаттар. Университеттердин рейтинги.

**Негизги түшүнүктөр:** бүтүрүүчүнүн модели, көндүмдөр, компетенциялар, рейтинг, изилдөө, чен-өлчөмдөр.

### 8. Үзгүлтүксүз билим берүү. «Өмүр бою окуп-үйрөнүү» багыты (2 саат).

Үзгүлтүксүз билим берүү жөнүндө түшүнүк. Ар түрдүү өлкөлөрдө (Россия, Финляндия, Эстония ж.б.) үзгүлтүксүз билим берүү системасы.

Үзгүлтүксүз билим берүү программаларынын негизги багыттары: (а) атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү; (б) үзгүлтүксүз билим берүүнүн инфраструктурасын түзүү; (в) заманбап билим берүү технологияларын киргизүү; (г) жаңы каржы механизмдерин киргизүү.

**Негизги түшүнүктөр:** үзгүлтүксүз билим берүү, «Өмүр бою окуп-үйрөнүү» багыты, система, негизги багыттар.

## СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРДИН ТЕМАТИКАСЫ

### I. Педагогикалык кесиптин жалпы мүнөздөмөсү

- ✓ Заманбап маданияттагы мугалимдин образы.
- ✓ Педагогикалык кесипти тандоо мотивдери.

**II. Педагогикалык ишмердүүлүктүн этика жана эстетикасы**

- ✓ Педагогикалык этика жана анын милдеттери.
- ✓ Педагогикалык этиканын категориялары.
- ✓ Педагогикалык мораль.
- ✓ Педагогикалык такт.
- ✓ Педагогикалык эстетика.

**III. Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасы жана түзүлүшү**

- ✓ КР билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрү.
- ✓ Кыргыз Республикасындагы билим берүү саясатындагы реформа.
- ✓ Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки, орто, жогорку окуу жайларында билим берүү системаларындагы өзгөрүүлөр.
- ✓ Дүйнөдөгү жогорку билим берүү системасындагы стратегиялык багыттар.
- ✓ Жогорку билим берүүнү трансформациялоо. 4.0 индустриясы жана эмгек рыногу.

**IV. Жалпы билим берүүчү уюмдарын башкаруунун (башкаруу, стилдери, типтери, функциялар)**

- ✓ Башкаруунун стилдери жөнүндө түшүнүк. Стилдердин өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары. Башкаруу стилдеринин колдонуу перспективалары.
- ✓ Башкаруунун типтери тууралуу түшүнүк. Иерархия, уюмдун маданияты, рынок: өгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары. Уюмдун маданияты – мектепти башкаруунун негизги багыты.
- ✓ Башкаруунун негизги функциялары: талдоо, пландаштыруу (оперативдик, тактикалык, стратегиялык милдеттер), уюштуруу, көзөмөлдөө.

**V. Педагогикалык менеджмент: лидерлик, насаатчылык жана мониторинг**

- ✓ Лидерлик, насаатчылык жана мониторинг жөнүндө түшүнүк, өзгөчөлүктөрү.
- ✓ Мектепти башкаруудагы лидерлик, насаатчылык жана мониторинг.
- ✓ Лидерлик, насаатчылык жана мониторингдин куралдары.

**VI. Билим берүү системасын башкаруудагы компетенттүүлүк багыт**

- ✓ Компетенттүүлүк жөнүндө түшүнүк, башкаруудагы компетенттүүлүк. Парадигманын өзгөрүшү: башкаруудагы компетенттүүлүк.
- ✓ Лидерлик жана жетекчилик: окшоштуктар жана айырмачылыктар. Команда, стратегиялык команда, командалык багыт, корпоративдик этика.
- ✓ Жогорку класстын окуучуларынын кесипке багыт алуу боюнча ата-энелерге консультация өткөрүү: эмгек рыногу. Жаңы кесиптердин атласы.

**VII. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын каржылоодогу (уюмдун өнүгүү ресурстары) инновациялык процесстер**

- ✓ Билим берүү уюмдарын каржылоо жөнүндө түшүнүк.
- ✓ Кыргыз Республикасында билим берүү системасын каржылоодогу инновациялык

процесстеринин өзгөчөлүктөрү.

- ✓ Кыргыз Республикасынын мектептеринде жан башынан каржылоо.
- ✓ Фандрайзинг. Фандрайзинг процесси. Мектептин фандрайзинг ишмердүүлүгү.

### VIII. Маданият: мааниси, маңызы жана калыптануу жолдору

- ✓ Маданият жөнүндө түшүнүк. Педагогикалык маданият жалпы адамзаттык маданияттын бир бөлүгү катары.
- ✓ Педагогикалык маданияттын негизги компоненттери: таанып-билүүчүлүк (когнитивдик), эмоционалдык-баалуулук, аракет, инсандык натыйжалуулук.
- ✓ Баалуулуктар. Баалуулуктардын калыптанышы.
- ✓ «Манас» эпосунда тарбиялоо жана окутуу маселелери.
- ✓ Кыргыз элинин каада-салттарынын тарбиялык мааниси.

# БӨЛҮМ БОЮНЧА СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Агафонова А.С. Практикум по общей педагогике. – Питер, 2003.
2. Амонашвили Ш.А. Личностно-гуманная основа педагогического процесса. – М., 1990.
3. Антология педагогической мысли Кирг. ССР / Под редакцией Акуловой А.И. – М.: Педагогика, 1988. – 360 с.
4. Аристотель. Собрание сочинений: В 4 т. – М., 1984.
5. Асанова У.А. Философия образования. – Бишкек, 2004.
6. Асипова Н.А. Педагогиканын кээ бир жалпы маселелери / Окуу куралы. – Бишкек, 1999.
7. Асипова Н.А. Основы вузовской педагогики. – Бишкек, 2011.
8. Асипова Н.А. Билим философиясы жана тарыхы. – Бишкек, 2010.
9. Бекбоев И.Б. Ориентация на личность. Пути совершенствования обучения и воспитания школьников. – Бишкек, 2000.
10. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2003.
11. Бордовская Н.В., Реан А.А. Педагогика. – СПб, 2008.
12. Газман О.С. Гуманизация воспитания в современных условиях. – М., 1995.
13. Гессен С.И. Основы педагогики. Введение в прикладную философию М., 1995.
14. Гершунский Б.С. Философия образования. – М., , 1998.
15. Гусинский Э. Турчанинов Ю. Философия образования. – М., 2001.
16. Давыдов В.В. Теория развивающего обучения. – М., ИНТОР, 1999.
17. Джуринский А.Н. История педагогики. – М., 2000.
18. Д.Дьюи. Демократия и образование. – М., 2004.
19. Д.Дьюи. Опыт и образование. – М., 2004.
20. Закон Кыргызской Республики «Об образовании». – М., 1996
21. Загвязинский В.И. Теория обучения: современная интерпритация. – М., 2000.
22. Калдыбаев С.К. Педагогические измерения: становления и развитие. – Бишкек, 2008.
23. Калдыбаев С.К. Тестти окуу процессинде колдонуунун теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2003.
24. Краевский В.В. Методология педагогического исследования. – СПб, 2001.
25. Краевский В.В. Общие основы педагогики. – М., 2003.
26. Коджаспирова Г.М. Педагогика. – М., 2010.
27. Коджаспирова Г.М. Педагогика в схемах, таблицах и опорных конспектах. Учебное пособие для вузов. – М., 2006.
28. Леднев В.С. Содержание образования: сущность, структура, перспективы. – М., 1991.
29. Лихачев Б.Т. Педагогика. – М., 1993.
30. Мадеминов Г.М. Акыл эмгегинин маданияты. – Бишкек, 2012.
31. Мамбетакунов Э.М., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. – Бишкек, 2008.
32. Мамбетакунов Э.М. Дидактические функции межпредметных связей в формировании у учащихся естественнонаучных понятий. – Бишкек, 2015.

**33.** Мамбетакунов Э.М. Психодидактиканын очерктери. – Бишкек, 2014.

**34.** Менчинская Н.А. Проблемы обучения, воспитания и психологического развития ребенка. – М., 2003.

**35.** Педагогика (электронный ресурс) / Под ред. П.И. Пидкасистого. – М., 2011.

**36.** Подласый И.П. Педагогика. – М., 2010.

**37.** Педагогика: пед. теории, системы, технологии / С. А. Смирнов: Учебник. 4-е изд. испр. – М., 2003.

**38.** Педагогика. Учебник / Под ред. Л.П. Крившенко. – М., 2006.

**39.** Педагогический словарь / Под ред. В. И. Загвязинского, А.Ф.Закировой. – М., 2008.

**40.** Педагогический энциклопедический словарь. – М., 2002.

**41.** Подласый И.П. Процесс воспитания. – М., 2006.

**42.** Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. Социалдык педагогика. – Бишкек, 2003.

**43.** Сластенин В. А. Педагогика. Учебник. – М., 2008

**44.** Ситаров В.А. Дидактика. – М., 2002.

**45.** Селевко Г.К. Современные образовательные технологии. – М., 1998.

**46.** Харламов И.Ф. Педагогика. – М., 1990.

**47.** Чуприкова Н.И. Умственное развитие и обучение. – М., 2003.

**48.** Хуторской А.В. Современная дидактика: Учебник для вузов. – СПб: Питер,2001.

**49.** Эсенгулова М.М. Личностно-ориентированное обучение в высшей школе (теоретические и практические вопросы). – Бишкек, 2009.

**50.** Якиманская И.С. Личностно-ориентированное обучение в современной школе. – М., 1996.

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕОРИЯЛАР, СИСТЕМАЛАР, ТЕХНОЛОГИЯЛАР

*(Педагогикалык эмес адистиктер үчүн)*

## ВАРИАТИВДИК БӨЛҮМ:

*(2 кредит: 1 курс, 2 семестр)* [8]

| № | Лекция | Сааттар | Практика | Сааттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Киришүү. «Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар» бөлүмүнүн максаты, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары | 2 саат | Педагогикалык теориялар (бихевиоризм, конструктивизм, когнитивизм) | 2 саат |
| 2. | Педагогикалык теориялар (бихевиоризм, конструктивизм, когнитивизм) | 2 саат | Педагогиканын негизги категориялары: тарбиялоо, өнүгүү, окутуу, билим берүү, калыптандыруу | 2 саат |
| 3. | Педагогиканын негизги категориялары: тарбиялоо, өнүгүү, окутуу, билим берүү, калыптандыруу | 2 саат | Өнүгүүнүн жалпы мыйзамченемдүүлүгү: индивид, адам, инсан түшүнүктөрү. Өнүгүүнүн ички жана тышкы шарттары, негизги факторлору | 2 саат |
| 4. | Өнүгүүнүн жалпы мыйзамченемдүүлүгү: индивид, адам, инсан түшүнүктөрү. Өнүгүүнүн ички жана тышкы шарттары, негизги факторлору | 2 саат | Өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү: жаш курактык мезгилдерге бөлүнүшү, жалпы мыйзамченемдүүлүктөрү, өз алдынчалуулук өзгөчөлүктөрү | 2 саат |
| 5. | Өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү: жаш курактык мезгилдерге бөлүнүшү, жалпы мыйзамченемдүүлүктөрү, өз алдынчалуулук өзгөчөлүктөрү | 2 саат | Педагогикалык технологиялардын негиздери жана түрлөрү. Окутуунун, тарбиялоонун технологиялары | 2 саат |
| 6. | Педагогикалык технологиялардын негиздери жана түрлөрү. Окутуунун, тарбиялоонун технологиялары | 2 саат | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | 2 саат |

8 «Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар» бөлүмү боюнча студенттердин өз алдынча иштерине материалдар жана тапшырмалар бул курстун окуу-методикалык комплексинде (ОУК) берилген.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | 2 саат | Тарбиялоо социомаданияттык жана педагогикалык процесс катары. Тарбиялоо процессинде мектеп жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттенүүсү | 2 саат |
| 8. | Тарбиялоо социомаданияттык жана педагогикалык процесс катары. Тарбиялоо процессинде мектеп жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттенүүсү | 2 саат | | |
| | **Бардыгы:** | **16 саат** | | **14 саат** |

# БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

1. **Киришүү. «Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар» бөлүмүнүн максаты, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары (2 саат).**

Киришүү. «Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар» бөлүмүнүн максаты, милдеттери, күтүлүүчү натыйжалар. Педагогика илиминин изилдөө предмети, милдети, объектиси, субъектиси. Педагогикалык теория, системалар, технологиялар жөнүндө түшүнүк.

Педагогикалык илим гуманитардык, антропологиялык билимдин тармагы. Педагогика илиминин пайда болушунун социалдык-экономикалык өбөлгөлөрү. Педагогика илиминин өнүгүүсү, адам жөнүндө илимдердин системасында педагогиканын орду, анын башка илимдер менен байланышы жана мааниси.

**Негизги түшүнүктөр:** педагогика, педагогикалык илиминин функциясы: теориялык, практикалык, божомолдоо, философия, антропология, анатомия, физиология, психология, медицина, искусство, педагогикалык теория, системалар, технологиялар.

2. **Педагогикалык теориялар (бихевиоризм, конструктивизм, когнитивизм) (2 саат).**

Бихевиоризм теориясы. Маселенин пайда болуу тарыхынан. Бихевиоризмдин негиздөөчүсү америкалык окумуштуу Д. Уотсон. Жүрүм-турум стимулдарга жооптордун жыйындысы катары. Бекемдөө, таасирленүү закону жана шарттоонун түрлөрү. Торндайктын таасирленүү закону. Адамдын жүрүм-туруму.

Конструктивизм теориясы. Конструктивизм педагогикалык философия катары. Жан Пиаже боюнча конструктивизм теориясы. Окуу процессинде колдонулуучу конструктивизмдин негизги принциптери. Конструктивист-мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү.

Когнитивизм теориясы. Когнитивизм билим жана таанып билүү, адамдардын ишмердүүлүк процессинде дүйнөнү кабылдоо жөнүндө илими катары. Маселенин тарыхынан: Л. Леви-Брюль, Ж. Пиаже, Маргарет Мид. Когнитивдик карта. Альберт Бандуранын социалдык когнитивизми, «байкоо жүргүзүү аркылуу окутуу» (observational learning).

**Негизги түшүнүктөр:** бихевиоризм, конструктивизм, конструктивист, когнитивизм, билим, таанып билүү, кабылдоо, когнитивдик карта, социалдык когнитивизм.

### 3. Педагогиканын негизги категориялары: тарбиялоо, өнүгүү, окутуу, билим берүү, калыптандыруу (2 саат).

Тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоо, кайра тарбиялоо. К.Д. Ушинский өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндө. Өзүн-өзү тарбиялоонун түзүлүшү, уюштуруу формалары, усулдары. Тарбиялоо жана өзүн-өзү тарбиялоонун байланышы. Өзүн-өзү тарбиялоонун тышкы булактары.

Өнүгүү, эрте жашта өнүктүрүүнүн мааниси (изилдөөлөрдүн жыйынтыгы: Д. Хекман, Масару Ибука ж.б.) өнүгүүнүн тармактары, мектепке чейинки өнүгүүнүн стандарттары, инфантилизм, акселерация процесстери, Л.С. Выготский «Жакынкы өнүгүү зонасы» теориясы, студенттик курактагы өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү (А.Г. Асмолов, Б.Г. Ананьев, И.С.Кондун изилдөөлөрү).

Окутуу, окутуунун негиздери: билим, билгичтик, көндүм, компетенциялар. Метакөндүмдөр (жумшак көндүмдөр), метакомпетенциялар. Билим берүү, өз алдынча билим алуу. Практикага багытталган билим берүү. Калыптандыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** тарбиялоо, өнүгүү, эрте өнүктүрүү, стандарттар, валидация, «Жакынкы өнүгүү зонасы», инфантилизм, акселерация, студенттик курактын оптимумдары, окутуу, билим берүү, билим, билгичтик, көндүм, компетенция, парадигма, билим берүүнүн деңгээлдери, рейтинг, калыптандыруу, метакөндүмдөр (жумшак көндүмдөр), метакомпетенциялар.

### 4. Өнүгүүнүн жалпы мыйзамченемдүүлүгү: индивид, адам, инсан түшүнүктөрү. Өнүгүүнүн ички жана тышкы шарттары, негизги факторлору (2 саат).

Инсандын өнүгүү процесси. Индивид, адам, инсан түшүнүгү «Инсан» түшүнүгү (Э.Мамбетакунов, Т. Сияев). В.П. Тугаринов инсандын негизги касиеттери жөнүндө.

Сандык жана сапаттык өнүгүү. Адамдын биологиялык жана социалдык өнүгүүсү. Тукум куучулук жана өнүгүү. Ички жана тышкы шарттар. Ички шарттар: физиологиялык жана психикалык өнүгүү. Тышкы шарттар: чөйрөнүн таасири.

Инсандын калыптануу процессинин өзгөчөлүктөрү. Ички карама-каршылыктар. Инсандын психологиялык өзгөчөлүктөрү: тынымсыз өнүгүүчү аң-сезим, активдүүлүк, «Мен» үлгүнүн болушу, багыттуулук, жөндөмдүүлүк, мүнөздүүлүк. Инсандын баалуулуктары.

Инсандын социализациясы. Айлана-чөйрөнү таанып-билүүдө инсандын калыптанышы. Үй-бүлө баланын инсандыгынын калыптануу жана өнүгүү фактору катары. Мектеп, класс, достор – баланын жакынкы чөйрөсүнүн борбору. Инсандын социалдаштыруудагы кыйынчылыктар.

Баланын негизги ишмердүүлүгү – оюн, эмгек, окуу. Күндүн режими — негизги ишмердүүлүктү аныктоонун ыкмасы катары. Активдүү жана пассивдүү ишмердүүлүк түшүнүгү. Инсандын активдүүлүгү жана демилгелүүлүгү - ишмердүүлүктүн негизи катары.

Баарлашуу түшүнүгү. Баарлашуунун формалары, түрлөрү.

